Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелер боюнча комиссия

Сунуштама

COM/SCHA/REC/001/FINAL

**АЛТЫНЧЫ ЖЫЙЫН**
*14-СЕНТЯБРЬ, 2018-ЖЫЛ,* БИШКЕК ШААРЫ

# ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДӨ, ТҮРК МАДАНИЯТЫНЫН, МУРАСЫНЫН БИР БӨЛҮГҮ БОЛУП САНАЛГАН КИНО ЖАНА АНИМАЦИЯ

Парламенттик Ассамблея**:**

Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтыгы боюнча өткөрүлгөн бешинчи саммитинде кабыл алынган Астана декларациясында баса белгиленген “мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маалымат каражаттары жана маалымат чөйрөсүндөгү кызматташтыкты өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү” жөнүндөгү пикирди;

Бири-биринин баалуулуктарына жана улуттук каада-салтына өз ара сый көрсөтүү маанайы аркылуу, түрк улуттарынын тарыхый жана маданий мурасын сактап калуу максатын;

ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин муундарынын маданиятын үзгүлтүккө учуратпай сактап калууга көмөк көрсөтүүнү;

ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин аброюн жакшыртууда киноиндустриянын (мультипликациянын) эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөрү бар экенин жана өз ара маалымат алмашуу жана биргелешип иш алып баруунун, кинережиссёрлордун (мультрежиссёр) ишин жакшыртуу жана жөнөкөйлөтүү үчүн салык жана бажы системасынын жол-жоболорун жөнөкөйлөтүүнүн, ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин ортосунда кызматташтыкты күчөтүүгө пайдалуу экендигин – эске алуу менен бирге,

Tel:+99412 5635835 | Fax:+99412 5635834 | info@turk-pa.org | www.turk-pa.org | /turkpaorg /TURK_PA
Address: 106, S.S Akhundov str., microdistrict 7, AZ1116, Binagadi / Baku / Azerbaijan

Улуттук Парламенттин мүчөлөрүнө төмөнкү маселелерди сунуштайт:

*a)* Кино жана мультипликациялык тасмаларды, түрк тилдүү өлкөлөрдөгү жалпы маалыматтык жана коомдук-маданий мейкиндикти өнүктүрүүнүн каражаты катары *кабыл алуу*;

b) Кино жана мультипликациялык тасма чөйрөсүндө ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы натыйжалуу регионалдык жана эки тараптуу кызматташтыкты жогорулатууга арналган күч аракеттерди (семинар, жыйын, жолугушуу, биргелешкен өндүрүш, биргелешкен жайылтуу, фестиваль, орток долбоорлор жана ТүркПАга мүчө-мамлекеттерде өткөрүлүп жаткан иш-чаралардын башка түрлөрүн өткөрүп туруу аркылуу) *күчөтүү;*

*c)* ТүркПАга мүчө-мамлекеттердеги, кино жана мультипликациялык тасма тармагында жеке ишкердик менен мамлекеттин ортосундагы өнөктөштүк боюнча мыйзамдарды жана стратегиялык программаларды *изилдеп чыгуу*;

*d)* кино жана мультипликациялык тасмалар тууралуу илимий маалыматтарды *жыйноо*;

*e)* Түрк тилдүү өлкөлөрдүн (Түркия Республикасынын “EurImage” жана “Audiovisual Eureka” сыяктуу кино тасмаларды өндүрүүнүн ортоктоштугун колдогон Европа өлкөлөрүнүн фондуна мүчө болгон сымал) орток кино тасмаларын өндүрүү жолун жана ар бир өлкөнүн бул багыттагы тажрыйбасын изилдеп, үйрөнүү иш-аракетин *күчөтүү*;

f) ТүркПАнын Секретариатында түрк тилдүү мамлекеттердин мыйзамдарынын салыштырмалуу базасынын (электрондук жана кагаза түрүндөгү) борборун түзүүнү колго алуу;

g) ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин ар биринин кино жана мультипликациялык тасма чөйрөсүнө тийиштүү мыйзамдарын *изилдеп чыгуу*;

*h)* Кино жана мультрежиссёрлорго салык салуунун укук-ченемдик нормаларын *жеңилдештирүү*;

*i)* кино жана мультипликациялык тасма жараткан адамдарга салык жагынан жеңилдик берүү, кирешенин салыгынын жарымын төлөөгө уруксат берүү, сатуу иш-аракеттерине тийиштүү салыктан толугу менен бошотуу, тасма тартыла турган жерлерди бекерге берүү, жана башка артыкчылар сыяктуу

ТүркПага мүчө-мамлекеттердеги салык саясатына байланыштуу маселелерди *кайра карап чыгуу*;

*j)* Кино жана мультрежиссёрлорго, бажы кызматындагы укук-ченемдик нормаларды *жөнөкөйлөштүрүү;*

k) ТүркПага мүчө-мамлекеттерде жогорку сапаттагы кино жана мультипликациялык тасмаларды биргелешип жаратууга жарамдуу төрт тараптуу концепциянын перспективасында *ой жүгүртүү*;

l) Эл аралык кинофестивальдардын негизинде ТүркПага мүчө-мамлекеттердин эр аралык аренадагы аброюн жогорулатууда өз ара кызматташуунун зор мумкүнчүлүктөрү бар экенин *аңдап-билүү*;

m) Кино жана мультипликациялык тасма тармагында, адистерди жана алардын жалпы ишкердигин алмаштыруу боюнча иш-аракеттерди *бекемдөө*;

n) Кино жана мультипликациялык тасма тармагынын техникалык базасынын бекемделиши жана модернизацияланышына байланыштуу бир канча жалпы программаларды *иштеп чыгуу*;

o) ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин улуттук кинокомпанияларынын, кино жана мультрежиссёрлорунун арасында ар кандай сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү *уюштуруу*;

p) Кулагы жакшы укпаган жана көзү жакшы көрбөгөн адамдарга арналган тасмалардан тартып дээрлик бардык кино жана мультипликациялык тасмалардын, котормосу жана дубляждары менен мүчө-мамлекеттерди *камсыздоо*;

q) Жаш кино жана мультрежиссёрлордун жолугушууларын уюштуруу жана өткөрүүгө *көмөк көрсөтүү*;

r) кино жана мультипликациялык тасма тармагындагы жаш адситердин чеберчилигин өнүктүрүүнү *колдоо*;

s) Кино жана мультипликациялык тасма тармагында ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы кызматташуунун артыкчылыктарын *аныктоо*;

t) Мультипликациялык тасма тармагына байланыштуу кээ бир сфераларда жогорку деңгээлдеги окутуунун инфраструктурасын түзүүгө муктаждык бар экендигин *аңдап-билүү*;

u) ТүркПАга мүчө-мамлекеттердин маданий-тарыхый мурасын сактоо боюнча иш алып барган (Түрк кеңеши, ТҮРКСОЙ, Түрк академиясы, Түрк маданияты жана мурасы ж.б.) түрк мекемелери менен тыгыз *иш алып баруу*;

v) Чыныгы эксперттердин ой-пикирин эске алып туруп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин колдоосу менен 2018-жылдын 13-14-сентябрь күндөрү Бишкек шаарында өткөрүлгөн ТүркПАнын кино жана мультипликациялык тасмалар (түрк маданиятынын мурасынын бир бөлүгү) мыйзамы боюнча семинарын иш-жүзүндө пайдалуу деп *баалоо.* Анткени өткөрүлгөн семинар мүчө-мамлекеттердин тийиштүү министрликтеринин, кино жана мультрежиссёрлорунун ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөдө маанилүү роль ойноду.

w) ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн режиссерлору менен аниматорлору үчүн интернет-портал түзүп берип, анын алкагында бул ишмерлер түзмө-түз баарлаша алгыдай форум-аянтчаны, ошондой эле ТҮРКПАнын кино жана анимация жаатындагы мыйзамдары боюнча рубрика уюштурууну караштыруу;

x) ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн режиссерлору менен аниматорлорунун *Түрк тилдүү мамлекеттердин кинофестивалы уюшулуп бекитилгендиги тууралуу мессэджинди компетентүү түрк тилдүү уюумдардын дарегине жиберүү*;

y) ТҮРКПАга мүчө-өлкөлөрдүн режиссерлору менен аниматорлорунун *Түрк тилдүү фильмдерди жана анимацияларды дистрибуциялоо боюнча түрк тилдүү өлкөлөрдүн атайы агенттигин түзүү зарылдыгы тууралуу мессэджин компетентүү түрк тилдүү уюумдардын дарегине жиберүү*;

z) кыргыз аниматорлорун Казакстанга, ал эми казак кинооператорлорун Кыргызстанга тажрыйба алмашууга жиберүү;